Yıl/Year:2024, Cilt/Volume:3, Sayı/Issue:1

ORIGINAL ARTICLE
ORİJİNAL ARAŞTIRMA

# Билим берүү жана ишкердик: реалдуу экономикага таасир берүү системалары

EDUCATİON AND ENTREPRENEURSHİP: SYSTEMS OF INFLUENCE ON THE REAL ECONOMY

Чолпонай Муратова

DOI: 10.5281/zenodo.12594590

АННОТАЦИЯ

Билим берүү жана ишкердик өлкөнүн экономикасын калыптандырууда чечүүчү ролду ойнойт. Бул статьяда билим берүү менен ишкердик ортосундагы татаал өз ара аракеттенүүнү жана алардын реалдуу экономика тайгизген таасири, жарандардын финансылык сабаттуулугу туралуу сөз болот. Билим берүү тутумдары ишкердикке, ой жүгүртүүгө жана жүрүм-турумга кандай таасир этээрин, ошондой эле ишкердик экономикалык өсүшкө жана инновацияларга кандай салым кошуп, алардын өз ара байланышына ар тараптуу анализ берүүнү максат кылабыз.

**Ачкыч сөздөр:** Бизнес-Башкаруу, Каржы, Насыя, Грант, Менеджмент, Маркетинг, Ишкердик, Экономикалык Өсүш, Жумуш Орундарын Түзүү, Өндүрүмдүүлүк, Рыноктук Атаандаштык.

ABSTRACT

Education and entrepreneurship play a crucial role in shaping the country's economy. This article examines the c omplex interaction between education and entrepreneurship and their impact on the real economy and financial literacy of citizens. We strive to provide a comprehensive analysis of how education systems influence entrepreneurship, thinking and behavior, as well as how entrepreneurship contributes to economic growth and innovation and how they interact.

**Keywords:** Business Administration, Finance, Credit, Grants, Management, Marketing, Entrepreneurship, Economic Growth, Job Creation, Productivity, Market Competition.

İlgili Yazar: Чолпонай Муратова
эконом.илимдеринин кандидаты
Ош мамлекеттик университети
Colponajx@gmail.ru

Başvuru Tarihi/Received: 10.06.2024
Kabul Tarihi/Accepted: 23.06.2024

Билим берүү жана ишкердик өнүгүп келе жаткан жана прогрессивдүү коомдун пайдубалын түзгөн эки маанилүү система. Билим берүү экономикалык өнүгүүнүн фундаменталдык кыймылдаткычы катары каралып, инновацияларды киргизүү, адаптациялоо жана жумушчу күчтү тартуу үчүн керектүү көндүмдөр жана билимдерди талап кылат. Билим берүү инсандарды билим, көндүмдөр жана сынчыл (критикалык) ой жүгүртүү жөндөмдөрүн калыптандырса, ишкердик ресурстарды инновацияларды жайылтуу, жумуш орундарын түзүү жана экономикалык өсүүнү стимулдаштыруу , салыктык нормаларды аткаруу, эмгек рыногунун талаптарына жооп берген кызматтарды ишке ашырат. Мындан сырткары ишкерлер бизнес-башкаруу, финансы, маркетинг жана стратегиялык пландаштыруу сыяктуу чөйрөлөрдө керектүү теориялык билимдерин практикада колдоно алат. Кризистик кырдаалдарда тобокелчиликке барат жана кыска убакта чечим кабыл алууга ыңгайлашат.

Тарыхта экономикасы гүлдөгөн өлкөлөрдүн дээрлик бардыгы алгач билим берүүгө көңүл бурушканы маалым. Дүйнө жүзүндө эки негизги билим берүү системасын атап көрсөк: ал болондук жана классикалык. Бүгүнкү жаңы заманбап технология болуп көрбөгөндөй өнүгүп жаткан коомдо жогоруда аталган билим берүү системаларынын артыкчылыктары, кемчилдиктери же өнүгүүдө кандай жетишкендиктерди алып келди деген суроо жаралбай койбойт... Классикалык билим берүү системасынын башаты катары Германия аталып, XIX кылымдын аягында эң мыкты система катары таанылып, ал системанын артыкчылыктарын Япония, Кытай, СССР пайдаланган. 1990-жылдан баштап советтик классикалык билим берүү системасынан болондук системага өтүп, анын түйшүктөрүн да, артыкчылыктарын да баштан кечирип жатабыз. Балондук системада кесиптик билимге басым жасалып, адис кыска мөөнөттө даярдалып жаткандыгында. Бүгүнкү күндө рынок экономикасынын шартында чакан ишкердүүлүк менен алектенгендердин статистикалык көрсөткүчү күн сайын өсүүдө. [1].

Эгемендүү өлкө болуп түзүлгөн күндөн тартып, экономикалык өнүгүү багытында базар экономикасынын моделдери менен өнүгүүнү тандап алдык. Демек базар экономикасына өтүп жаткан шартта бул моделдин ар кандай аспектилери боюнча маалыматтарды билүү зарылчылыгы келип чыкты. Экономиканын өнөр жайында, тактап айтканда, бардык тармактарда базар экономикасынын кириши, кичи жана орто бизнестин өнүгүшү, ишканаларды жаңыча башкаруу кесипкөй адис катары жогорку экономикалык сабаттуулукка жана маданияттуулукка ээ болгон кадрлардын жаңы муунун даярдоону талап кылып жатат. Экономикалык сабаттуулук маселеси бүгүнкү күндөгү ааламдашуу мезгилинде актуалдуу

маселелердин бири болуп саналат. Анткени базар экономикасынын шартында анын мыйзамдарын билүү жана так аткаруу негизги мааниге ээ. Экономикалык мыйзамдардын, категориялардын терминдердин объективдүү мазмунун жакшы түшүнбөй туруп, коомдун, жаңы ачылган өндүрүштүк ишканалардын өнүгүшүнө максатка ылайык багыт берүү мүмкүн эместигин ар бир адам жакшы түшүнөт. Базар экономикасынын шартында анын мыйзамдары менен таанышуу аны кылдаттык менен окуп үйрөнүү, билүү ар бир адамдын жогорку деңгээлде экономикалык ой жүгүртүүсүнө шарт түзөт.

Бирок бул маселеге түшүнүү менен баа берип, өзүнүн экономикалык, финансылык сабаттуулугун көтөрүүгө аракет кылгандар абдан аз. Себеби биздин коомдо жалпы билим берүү системасында экономикалык сабаттуулук эң башкы курал экендигин элге жеткирүү аракети жок. Мисалы, билим берүү тармагын алып карасак, жогорку окуу жайларда экономикалык эмес адистерде экономика сабагы аз көлөмдөгү саат менен гана чектелген. Бул саат менен өтүлүүчү маалыматты толук камтуу мүмкүн эмес. Мына ушундай себептерден азыр жалпы коомчулукта экономикалык сабаттуулук төмөн экендиги байкалат. Мунун далили катары жарандардын пайызы жогору кредиттерди алып, бул кредиттерден пайда таппастан, ал акчаны туура эмес иштетип алып, акчаны өз убагында төгө албай жаткандарды айтсак болот. Жогоруда айтылгандай калктын экономикалык сабаттуулугунун төмөндүгү ар кандай жашоодогу кыйынчылыктарга алып келиши мүмкүн. Азыркы кезде коомдогу экономикалык сабатсыздыктын натыйжасында финансылык аркандай афералык “тармактык” оюндар маркетинг, каржылык пирамида ж.б.у.с. алдамчы мекемелерге ишенип оңой жол менен байып кетүүнүн жолун издеп колундагы акчасын алдырып жибергендер да аз эмес. Дагы бир кошумчалай турган нерсе бүгүн базар экономикасынын шартында жашап жаткан калктын экономикалык, финансылык, чарбачылыкты үнөмдүү пайдалануунун сабаттуулугунун жоктугунан жаңы муунга, келечек ээлерине терс таасирин тийгизип жатат. [2].

Ата-энелер, мектеп, ЖОЖ бул маселе боюнча жеткиликтүү маалымат бербегендиктен алардын акча, каржы, банктык тутум, менеджмент, маркетингдик саясатка болгон мамилеси туура эмес калыптанууда.

Бүгүнкү күндө көп адамдар экономикалык сабаттуулугун жойбой туруп эле ишкана ачып, кызмат көрсөтүүнү жана пайда табууну самашат. Бирок мындай ой кыялдардын базар экономикасында шартында тез эле ишке ашып кетүүсү опурталдуу көрүнүш. Ошондуктан ишкана ачкан адамдын менеджмент, салык , кредит, грант, финансы, маркетинг, бизнес

планды түзүү түшүнүгү болуусу зарыл. Акча каржы, ишкердүүлүк биздин жашообуздун негизги кан айлануу системасы болгондуктан келечек муундардын мектеп жашынан базалык билимин мыкты болушу зарыл.

Ушул мисалдардын негизинде билим берүү системасында финансылык сабаттуулукту, ишкердик ой жүгүртүүнү калыптандыруу максатында төмөнкү иш чараларга басым жасоо зарыл деп эсептейбиз:

1. Ишкердикти өнүктүрүүдө билимдин орду;

Мында фундаменталдык билимдерди берүү, чыгармачылыкка тарбиялоо жана үзгүлтүксүз окуу маданиятын жайылтуу менен билим берүү мекемелери ийгиликке негиз түзөт. Билим алуучуларга, изденүүчүлөргө заманбап дүйнөнүн татаал шарттарында багыттоо үчүн зарыл болгон билимдерди, көндүмдөрдү жана мүмкүнчүлүктөрдү берет. Ар тараптуу билим берүү инсандарды дайыма өзгөрүп турган глобалдык технологияга ыңгайлашуу үчүн зарыл болгон көндүмдөрдүн жөндөмдүүлүгүн жогорулатат. Заманбап билим берүү системасына коюлуучу бардык негизги тенденцияларды, өлкөнү өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттарын эске алуу менен адамга кайсыл куракта болбосун өзүнүн интеллектуалдык, чыгармачылык жана эмоционалдык дараметин ачууга мүмкүндүк берет. Мында артыкчылык билим берүү системасында адам ресурстарын өнүктүрүүгө өбөлгө түзүүчү инновацияларга, өзүнүн өнүгүүсү, мобилдүүлүгү, эмгек рыногунда суроо-талапка ээ болуу үчүн жоопкерчилик алууга жөндөмдүү адамды калыптандыруучу сапаттуу жана атаандаштыкка жөндөмдүү билим берүүнү өнүктүрүүгө берилет.

Ишкердиктин экономикалык өсүшкө кошкон салымы;

Ишкердик социалдык-экономикалык көйгөйлөргө туруктуу чечимдерди иштеп чыгып, күтүлүп жаткан мүмкүнчүлүктөргө, артыкчылыктарга жана коркунучтарга (SWOT) анализ менен жыйынтыктарды кабыл алууга аракеттенишет. Ишкердик жеке адамдарды тобокелчиликке барууга, жана коомдук көйгөйлөрдү инновациалык чечимдерге умтулууга үндөп, экономикалык өнүгүүгө түрткү берет. Ишкерлер жумуш орундарын түзүүгө, коомдо болуп жаткан технологиялык прогресске таасир берип, мамлекеттин экономикалык өсүшүнө салым кошушат.

Глобалдаштыруу шарттарында билим берүү системасы эл аралык билим берүү чөйрөсүнө кошулууда жана ата мекендик да, ошондой эле глобалдык эмгек рыногунда да суроо-талапка ээ болуучу адистерди даярдоого багытталууга тийиш. Ушуга байланыштуу билим берүү системасынын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинде атаандаштыкка

жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн билим берүүнүн сапатына карата талаптар жогорулайт; билим берүүнүн ар кандай деңгээлдеринде социалдык-эмоциялык/ийкемдүү көндүмдөрдү калыптандырууга муктаждык жогорулайт; билим берүүнүн мазмунуна глобалдык жарандуулук, толеранттуулук, маданияттар аралык коммуникациялар, көп тилдүү билим берүү сыяктуу окутуунун натыйжалары киргизилет. Билим берүү жана ишкердик бириккенде, алар коомду өзгөртүп, аларды жаркын келечекке түрткөн күчтүү синергетиканы түзөт. Билим берүү жайларында ишкердик маанайды калыптандыруу жана бардыгы үчүн сапаттуу билимге жетүүнү камсыз кылуу менен биз келечектин чакырыктарына туруштук берүү үчүн жакшы жабдылган өндүрүш гана эмес, инновация жана чыгармачылык аркылуу позитивдүү өзгөрүүлөрдү жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу инсандардын муунун тарбиялай алабыз. [3]

Билим берүү менен ишкердиктин өз ара аракеттенүү системасын ишке ашырууда төмөнкү иш чараларды уюштуруу зарыл деп эсептейбиз:

1. Нормативдик-укуктук камсыздоо:

- акысыз жана жеткиликтүү мамлекеттик кепилдиктерди, ата мекендик билим берүүнүн мыкты салттарын сактап калуу;

- билим берүү жана бизнес системасынын өнөктөштүк өз ара аракеттенүүсүн өнүктүрүү үчүн ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү.

2. Ресурстук камсыздоо:

- билим берүүнүн натыйжаларынын жана бизнестин суроо-талаптарынын бирдиктүү маалыматтык-билим берүү мейкиндигин түзүү;

- студенттерди каникул учурунда тандап алган ишканадагы ишке (практикага) тартуу;

- бизнестин жана мамлекеттин жоопкерчилик принциптерине негизделген корпоративдик башкаруунун жаңы моделин түзүүдө билим берүү менен бизнестин кызматташуу системасын түзүү,

- иш берүүчүлөрдүн түздөн-түз катышуусу менен кесиптик даярдоонун сапатын көз карандысыз баалоонун жана квалификацияны ыйгаруунун методдорун өнүктүрүү.

Жыйынтыктап айтканда, билим берүү жана ишкердик өзүнчө обочолонгон жараяндар эмес. Экономикалык өсүштү жана өнүгүүнү камсыз кылууда билимдин жана ишкердиктин мааниси абдан маанилүү. Инвестиция тартуу, жумуш орундарын түзүү жана экономикалык динамизмди өнүктүрүү, өндүрүмдүүлүктү жогорулатуу жана маркетингдик атаандаштыкты жайылтуу аркылуу экономикалык өсүштү камсыз кылууда негизги ролду ойнойт. Ишкерлер

жаңы индустриаларды жана технологияларды өнүктүрүүгө алып келе турган жаңы идеяларды алган билим тажрыйбалар аркылуу турмушка ашырышат. Ишкердикти колдоо экономикалык өсүшкө оң таасирин тийгизип, дүйнө боюнча туруктуу өнүктүрүү стратегияларынын маанилүү компонентине айлангандыгы учур чындыгы.

**Пайдаланылган маалымат булактары:**

1. Малышева, А. А. Компетенции молодых выпускников вузов, обеспечивающие конкурентоспособность на рынке труда / А. А. Малышева, И. В. Невраева / Известия ТПУ. — 2016. — Т. 399, № 8. — С. 225–229.

2. Рудашевский, В. Д. Бизнес и образование: и конь, и трепетная лань… / В. Д. Рудашевский // Аккредитация в образовании. — 2020. — № 5 (57) — С. 24–27.

3. 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы.